Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык, инновация жана экономика колледжинин 2020-2021 окуу жылына карата педагогикалык кеңешмесинин отурумунун

## №3 протоколу

11.12.2020-ж.
катышканы - 21
келбегени-10

Колледждин мүдүрүнүн окуу иштери боюнча орун басары К.О. Ураимов сөз сүйлөдү: Мурат Ураимович эмгек өргүүсүнө чыккандыгына байланыштуу, педагогикалык кеңешмесинин отурумун мен өзүм алып барамын, ошондуктан регламент так сакталуусун талап кыламын. Анда отурумдун регламентин тактап алалы:
1-маселеге боюнча докладга 10 минута,
2-маселегебоюнча докладга 10 минута,
3-маселегебоюнча докладга 5 минута,
Жарыш сөзгө 3 минута чейин.

*Каршы,калыс жок. регламент кабыл алынды.*

## Каралуучу маселелер:

1. Кышкы сессиянын даярдыктары жөнүндө маалымат.
2. AVN жана инновация иштери боюнча маалымат.
3. Дене-тарбия ишинин жүргүзүлүүсү.
4. Ар түрдүү маселелер.

***Биринчи маселе*** боюнча колледждин мүдүрүнүн окуу иштери боюнча орун басары К.О. Ураимов сөз сүйлөдү:

-Урматтуу коллегалар, биздин коллективде 64 окутуучу иштейт. Сентябрь айында жумушка кабыл алынган Резаева өз каалоосу менен жумуштан кеткендигине байланыштуу, ага бөлүнгөн сабактын жүктөмү цикл окутуучуларына бөлүнүп берилсин. Быйылкы окуу жылына карата 3 студент окуудан четтетилди. Кышкы сессиянын графиктери баары даяр, сынак алуучу окутуучулар, сынактык билет, тесттерди бекиттиргиле (доклад тиркелген).
А.К.Кыргызбаев:ТСП 2-курс тайпалары боюнча окуу планы барбы?
К.О.Ураимов : АБРден бекитилип келген окуу планы бар, болгону эки адис окутуучу алышыбыз керек. Адис жок болуп атат.
А.Маматалиев : мага иштегенге буйрук чыктыбы?
Х.И.Хайруллаева: буйрук чыккан, кошумча акы төлөндү.
К.О.Ураимов : ГЭМ адистиги боюнча стандарт жок болгондуктан өзүбүз түзүп атабыз.
Х.К.Дадабаева : сынактын графиктери түзүлүп, бекитилген. Офлайн тартипте иштөөгө өтсөк да белгиленген график менен иштей беребиз.
К.О.Ураимов : онлайн тартипте иштесек да, сынак алуучу, белгиленген график боюнча кабинетине келип сынактарын алышат.

## Чечим:

1. Зачет жана сынактарды тапшыруу боюнча жобо менен онлайн тааныштырылсын (мөөнөтү сессияга чейин).
2. Сынактардын суроолору, тесттер өз убагында бекитилсин.
3. Кышкы сессияны өткөрүү жана контролдоо окуу бөлүмүнүн башчысы Х.Дадабаевага жүктөлсүн.
4. Цикл башчыларына жана кураторлорго уюштуруу иштери милдеттендирилсин.

***Каршы,калыс жок. Чечим кабыл алынды.***

**Ар түрдүү маселелер.**

К.Ураимов: педкеңешме китепканада өтүп жаткандыгына байланыштуу, китепкана башчысы А.Юсуповага сөз берсек.

А.Юсупова: быйылкы окуу жылындакитеп алуу үчүн кырк үч миң акча которулду. Жыйырма беш миң акча «акыл-кенчке» которулду. КРСУ менен да электрондук китептерди колдонуу боюнча келишим түзүү боюнча иштеп атабыз, иштер аягына чыгат. Колледждеги илимдин кандидаттарынын иш кагаздарын, окутуучулардын китеп, методикалык колдонмолорун көргөзмө ирээтинде стенд жасап, илип койдук.

К.Ураимов: метод кеңешмеде окуу пландары каралып бүткөн, бекитип берсек. Мындан сырткары циклдерде кеңешме өткөрүлүп, үч илимдин кандидатын доценттин милдетин аткаруучу кылып дайындоо үчүн сунуш түшкөн. Окутуучуларга стимул берүү максатында, улук окутуучу боюнча жобо иштеп чыгып, кийинки педкеңешмеге ар-бир цикл өз кандидаттарын койууну да сунуштаймын.

Ж.Жеенбаев: башка окуу жайда улук окутуучу болуп иштеп, колледжге келген окутуучулар кандай тартипте каралат?

К.О.Ураимов: алдыңкы иштеген жерден аныктама алып келсеңер, автоматтык түрдө улук окутуучулук наамыңар тикеленет.

А.Кыргызбаев: «норма времени» боюнча да өзгөртүп, оңдоп жакшылап иш алып барсак.

А.Джураева: 10-ТОиРАТ тайпасынын студенти Джалалов Саибжандан материалдык жардам сурап арыз түшкөн,ошол маселени да чечип берсек.

**Чечим:**

1. КРнын ББжИМнин 1019-жылдын 15-майдагы бекитилген окуу стандарттарынын негизинде иштеп чыгылган окуу пландары бекитилсин (документтердин тизмеси тиркелди).
2. Ураимов М.У., Ураимов К.О. жана Кыргызбаев А.К. доценттин милдетин аткаруучу болуп, беш жылга шайлансын.
3. Улук окутуучулук жобосу иштелип чыксын. Баардык сегиз цикл улук окутуучулукка талапкерлерге документтерин даярдап,кийинки кеңешмеге сунуштасын (жооптуу Саидкамолов У.С.).
4. Жаңы окуу-жылына чейин убакыт ченемине (норма времени) өзгөртүү киргизилсин (жооптуу комиссиянын мүчөлөрү: А.Кыргызбаев, Х.Хайруллаева, А.Маматалиев, Г.Аширкулова жана У.Саидкамолов).
5. 10-ТОиРАТтайпасынын студенти Джалалов Саибжанга миң сом эсебинде материалдык жардам берилсин.

***Каршы,калыс жок. Чечим кабыл алынды.***

*Педагогикалык кеңешменин төрагасы:* *Ураимов К.О.*

*Педагогикалык кеңешменин катчысы :* *Нурдинова К.И.*